*Насиров Т.*

# АДАБИЙ ДҮЙНӨГӨ ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН КЕЛИШИ

*Насиров Т.*

# ПРИХОД ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА В ЛИТЕРАТУРНЫЙ МИР

*T. Nasirov*

# CHINGIZ AYTMATOV COMES TO LITERARY ENVIRONMENT

*УДК: 82/894.612*

*Ар бир улуттук адабият реалисттик кемелине келгиче, төрт тарабы төп келген чыгармалар жарата баштагыча, дүйнөлүк аренага чындап чыккыча өтө узак да, машаккаттуу да тарых жолун басып өтөт. Эгерде ушундай тарыхый тажрыйбанын өңүтүнөн алып карасак, Ч.Айтматовдун дүйнөгө дүң түшүргөн чыгармачылыгы өз маалынан эрте жаралган, атүгүл табият-тарых мыйзам ченемдерине каршы туулган бир табышмактуу кубулуш сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Дүйнөлүк цивилизациянын кан жолунан алыс турган, тарыхый өнүгүш жагынан айласыз артта калган, жадагалса өз тилинде газета чыгарып көрбөгөн аз сандагы элдин ичинен «Айтматов феноменинин» жарк этип жанышы акыйкатта табышмактуу кубулуш. Ошондуктан макалада Чыңгыз Айтматовдун атасы жана апасы боюнча тегине талдоо жасалып, ошону менен бирге анын адабий чөйрөгө келишине болгон себептер ынанымдуу айтылган.*

***Негизги сөздөр:** замандаштар, илимий макалалар, мыйзам ченемдүү, санжыра, Айтматов керемети, Октябрь революциясы, төбөлдүк-буйрукчул идеология, коммунисттик партиянын XX съезди, интенсивдүү.*

*До достижения каждой национальной литературой реальных высот, до создания ею произведений, совершенных во всех отношениях, до настоящего ее выхода на международную арену, она проходит и долгий и тернистый путь. Если посмотреть с такой точки зрения исторического опыта, тогда творчество Чингиза Айтматова, совершившего переворот в мире, возникло, опережая свое время, к тому же может показаться словно загадочное явление, появившееся в противовес природно-историческим закономерностям. Далекий от мировой цивилизации, вынужденно отставший от хода исторического развития, не имевший опыта даже печатанья газеты на родном языке, появление «феномена Айтматова» как свет из среды малочисленного народа – поистине загадочное явление. Отсюда в статье аргументировано исследуется родословная отца и матери Чингиза Айтматова, а также анализируется причины его прихода в литературную жизнь.*

***Ключевые слова:** современники, научные статьи, закономерный, родословная, феномен Айтматова, Октябрьская революция, командно-административные идеологии, XX съезд Коммунистической партии, интенсивный.*

*Before each national literature reaches real heights, before it creates works made in all respects, to the present its entry into the international arena, it passes a long and thorny path. If you look from this point of view of historical experience, then the work of Chingiz Aitmatov, who committed a revolution in the world, arose ahead of his time, moreover, it may seem like a mysterious phenomenon, which appeared in opposition to natural and historical laws.Far from world civilization, forced to lag behind the course of historical development, having no experience even printing a newspaper in their native language, the emergence of the "Aitmatov phenomenon" as light from a minority of people is truly a mysterious phenomenon. Hence, in the article, the pedigree of the father and mother of Chingiz Aitmatov is investigated with reason, and the reasons for his coming into literary life are analyzed.*

***Key words**: contemporaries, scientific articles, legitimate, pedigree, Aitmatov phenomenon, October revolution, command and administrative ideologies, XX Congress of the Communist Party, intense.*

Бүгүнкү иш-чаранын маани-максаты, маңызы адабият алпы, адамзат добулбасы, дүйнөгө белгилүү жазуучу Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун 90 жылдык юбилейин белгилөө менен, анын биздин өлкөгө, жалпы эле дүйнөгө жасаган эмгектерин даңазалоодо жатат.

Арийне, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү мыкты жазуучулар менен акындардан кур эмес. Албетте, алардын ар бири артыкча талантка ээ, алардын ар бири өзүн курчаган дүйнө, замандаштары, коомдо болуп жаткан окуялар тууралуу өзүнүн ой-санаасын окурманга жеткирүүгө куштар. Алардын жарык көргөн чыгармаларынын көркөм – эстетикалык күчү жана таралган аймагынын арымы, адатта, жазуучунун адабият ааламындагы, ошондой эле өз мекенинин адабий-көркөм айдыңындагы алган ордун аныктайт.

Ушул өңүттө Ч. Айтматовдун ысымы башкалардан бөтөнчө бөлүнүп турат десек жаңылышпайбыз. Не дегенде, ал замандаш-кесиптештеринин тобунан алда канча алдыда, тээ бийиктен калдайып көрүнүп, чыгармачылыгына мүнөздүү болгон зор күч-кубат менен жалпыга маанилүү курч көйгөйлөрдү (проблемаларды) көтөрүп, дүйнөлүк маданияттагы маңызы терең, көркөмдүгү ажайып, окурманды өзүнө тарткан кереметтүү кубулуш болгондугу эчкимге шек туудурбайт.

Кыргызстандын залкар уулу, дүйнөгө аты таанымал белгилүү жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматовдун сүрөткердик жөн-жайы, адабий табыштары тууралуу кандайдыр бир жаңы сөз айтып жибериш кыйын. Не дегенде, анын жалпы чыгармачылыгы же жеке туундусу жөнүнөн дүйнөдөгү чоң-кичине (улуу-кичүү) тилдеринде илимий

макалалар, китептер, диссертациялар көп жазылып келген. Чыңгыз Айтматовдун калеминен жаралган орошон образдар, идеялар, көркөм көрүнүштөр, сюжеттик мотивдер, айрым сөз түрмөктөрү менминсинген философтор, социологдор, тарыхчылар, психологдор, дагы башка ойчулдар тарабынан арбын цитаталанат, талданат, далил катары келтирилет.

Мезгилинде көрүнүктүү сынчы С.Жигитов - «Чыңгыздын чыгармачылыгы сыртка ачык койгон сыр аяктагы бал сыңары акыл-эс эмгегинин аарыларын (албетте, алар менен катар адабият илиминин чымын-чиркейлерин да) жабалактатып өзүнө тартып келет» деп белгилеген. Кандай ак сөз! Туура, анын ар бир чыгармасы жарык көрөр замат дүйнөлүк басма сөздө көп сандаган жаңырыктарды пайда кылган, талаштарды чыгарган, кыскасын айтканда окурмандар издеп, талашып жүрүп окушкан.

Ушундай киши алган билими боюнча зоотехник, тагыраак айтканда, 1946-жылы Жамбыл (азыркы мезгилде Тараз) шаарындагы зооветеринардык техникумду, 1953-жылы К.И. Скрябин атындагы Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүргөн болсо, анан кантип адабий дүйнөгө келип калды, эмнелер таасир берди ж.у.с суроолордун болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан ушул маселенин тегерегинде жалпылай ой жүгүртүп, адегенде анын теги боюнча санжырасын түзүп көрөлү да андан кийин адабий чөйрөгө келишине болгон себептерди ачууга аракеттенели.

**Ч.Т. Айтматовдун апасы Нагиманын теги боюнча санжырасы**




Улуу жазуучу сол канаттын кытай уруусунан болом деп айтканын замандаштары эскеришет. Бул кытай деген аттын болушунун өзү кызык. Анткени жазуучунун карындашы Роза Айтматова «Куу уулдун небиреси Каранай жортулдан жеңиштүү келе жатканда уулдуу болгонун сүйүнчүлөшөт. Кабарды кечки маал укканда жаңырган айды көрөт да, айга табынып «куттуу» ай көрдүм, элдин ишине жараган азамат болсун деген тилекте «Кут+ай» деп ат коңт. Мезгилдин өтүшү менен Кутай айтканга ыңгайланып кытай деген түргө келип калган» деген ойду билдирген.

Ал эми Чыңгыз Төрөкулович бул тууралуу башкачараак айтат. Себеби, бир жолу өзүнүн жакын жолдоштору менен өткөн-кеткендер, ким кайсы уруудан ж.б. жөнүндө сүйлөшүп отурушуп андан кайсы уруудансың деп сурап калышат. Ошондо Чыңгыз бир жагы тамашага салып, экинчи жагы күлүп «а мен кытай императорлорунун уруусунанмын» дегенде бардыгы таң калышкандыгын теңтуштары сөз кылышат. Бул тамаша сөздүн чындыгы бардай, не дегенде байыркы биздин ата-бабалар кытайларды талкалап жылына тонналаган күрүч, кездеме, айыл-чарба шаймандары, кыздардан деп салык салышкандарын тарых тастыктайт. Ошондой учурлардын биринде кыргыздардын падышасына кытай императорунун кыздарынын бири тартууга келет. Ошо кытай кыздан төрөлгөн баланы «кытай аялдын баласы» же кыскача «кытайдын баласы», же «кытай» деп жүрүшүп, андан таркагандарды кытайлар деп атап калышкан. Ошентип кытай уруусу келип чыккан.

Ким билсин, мүмкүн чын эле Чыңгыздын кан тамырында кыргыз менен кытайдын аралашкан каны бардыр, кандай болгон күндө да Олжас Сулайманов айткандай «Чыңгыз Айтматов кайраттуунун каганы, сөздүн падышасы» болгон. Бул шаңдуулук (величие) императорлуктун даражасынан улуулугу менен өзгөчөлөнөт.

Ал эми англис тилдүү адабияттын классиги Генри Жеймс улуу элдердин жазма көркөм сөз маданиятынын тарыхына байланыштуу: «Чоң тарых болмоюнча анча-мынча салт (традиция) куралбайт; чоң салт куралмайынча көркөм табиттин анча-мынча нормалары калыпка салынбайт; көркөм табит узак убакыттар бою ийленип ийине жетмейинче кандайдыр бир искусство (көркөм өнөр) келип чыкпайт» деп жазганы бар.

Чындыгында ар бир улуттук адабият реалисттик кемелине келгиче, төрт тарабы төп келген чыгармалар жарата баштагыча, дүйнөлүк аренага чындап чыккыча өтө узак да, машакаттуу да тарых жолун басып өтөт. Айтылып жаткан пикирге Англия, Франция, АКШ, Кытай, Россия ж.б. мисал болуп бере алат. Маселен, орус калкынын адабиятын алалы, анткени бул улуттук көркөм сөз бери эле дегенде он кылымдай жазма формада, өнүгүп, тилдик каражаттарын чар

тараптан байытып, ойлом салттарынын бай запастарын жыйнап, чет элдердин рухий дөөлөттөрүн тынбай өздөштүрүп, ошону менен гана өз кучагынан А.С. Пушкин, Л.Н. Толстой, Ф.М. Достоевский, Н.В. Гоголь, А.П. Чехов сыяктуу ай-ааламга таанымал сөз усталарын учуруп чыгарган.

Эгерде ушундай тарыхый тажрыйбанын өңүтүнөн алып карасак, Ч. Айтматовдун дүйнөгө дүң түшүргөн чыгармачылыгы өз маалынан эрте жаралган, атүгүл табият-тарых мыйзамченемдерине каршы туулган бир табышмактуу кубулуш сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Дүйнөлүк цивилизациянын кан жолунан алыс турган, тарыхый өнүгүш жагынан айласыз артта калган, жадагалса өз тилинде газета чыгарып көрбөгөн аз сандагы элдин ичинен «Айтматов феноменинин» жарк этип жанышы акыйкатта табышмактуу кубулуш.

Демек, тарыхый-маданий өнүгүштүн демейки агымы же логикасы боюнча орто кылымдык рухий абалдан жаңы суурулган азгантай кыргыздын али баралына бара элек адабиятынан Чыңгыз Айтматовдой калемгер бүгүнкүдөй чыгармачылык турпаты менен чыкпоого тийиш эле. Бирок ал күтүлбөгөн жерден чыгып калды. Мунун себеби эмнеде?

Албетте, бул жалгыз суроо-олчойгон оор да, оңбогондой татаал да суроо. Ага бир макала, атүгүл жалкы китеп менен жооп берүү мүмкүн эмес. «Айтматов феноменин» («кереметин») пайда кылган факторлордун баарын түгөл термелеп санап чыгышка да чама жок. Так ушул маселенин тегерегинде жалпылай ой чаптырып, айрым бир болжолдуу пикирлерди айтууга гана мүмкүнчүлүк бар, б.а обөективдүү жана субөективдүү себептер анынтаржымалында толтура.

Биринчиден, ал ата-энесинен бадырайган тунук акыл, дирилдектей сезимтал жан, жагалмайдай учкул кыял менен жаралыптыр. Кыргыздардын макалдарында «курама темир курч болот» дегендей аны табият келбет-бой, саламатчылык, ноюбастык жагынан да таарынтпаптыр. Бабаларынын кан-жаны аркылуу узак кылымдар аралап өткөн кишилик гендер ага келгенде бөтөнчө бир мыкты шайкештикке түшкөн чоң талант бериптир;

Экинчиден, Октябрь революциясы болуп кыргыз элинин тагдыры оң жагына айланды. Анткени, тукум курут болуу жагына ооп калган эл андай коркунучтан кутулду, жаңыча социалдык өнүгүү жолуна түштү, дүйнөлүк цивилизациянын алкагына тартылды, ургаалдуу маданият революциясын башынан кечирди, азыркыдай илим-билимге телинди, өз тилинде европалык таалим-тарбиянын, көркөм өнөрдүн, адабий чыгармачылыктын формаларын, өнүктүрө баштады. Жалпы коомдук өнүгүшүбүздө, айрыкча рухий турмушубузда жаралган жаңылыктардын бардыгы Чыңгыз Айтматовдун чоң талантынын өсүп чыгышына кызмат кылды;

Үчүнчүдөн, биздин айтылуу калемгердин сүрөткердик дээри улуттук рухий дөөлөттөрдөн да азыктанды. Элибиздин тил байлыгы, оозеки чыгармалары, адептик нормалары анын кан-жанына эне сүтү менен кошо сиңди, анын көркөм ойломунун өзөгүнө сорулду;

Төртүнчүдөн, ал эне тилинин алкагында ишаракет жасаса азыркыдай бийиктикке чыга алмак эмес. Ошондуктан анын жаңы сапаттагы адабий ойлому, дүйнө туюму, эстетикалык табити, көркөм усталыгы ир алдынан улуу орус тилинин, классикалык орус адабиятынын шарапаты менен калыпка салынды. Ал бала чагынан орус тилин ойдогудай билип, ошол океандай тилдин алкагына чөккөн акыл-эс тажрыйбасынан, адабий дөөлөттөрдөн оозанып чоңойду, ошол тил аркылуу атпай адамзатка ортоктош рухий казнадан татканды. Өмүр бою орусча ойлом өрнөктөрүнөн таалим алып, орусча көркөм сөз маданиятынан азык алып, жалпы интеллектуалдык жана жеке кесиптик жактан өйдөлөп өсүп отурду. Чыгармаларын көбүнчө орус тилинде төрт тарабын төп келиштире жазып, ошону менен жер жүзүнүн туш тарабына дайнын чыгарды;

Бешинчиден, болочок жазуучу балапан чагын шаар чөйрөсүндө бейгам өткөрдү. Анан капыстан тагдыр соккусун жеп, бөөдө кайгыга малынды. Тирүүлүктүн ачуу даамын эртелеп татты. Турмуштун жылаңач өзөгүн өз маалынан эртелеп көрдү. Эртелеп санаачыл болду. Ал аңгыча кандуу алаамат башталып, чоң кишилер жасай турган оор жумуштарга чегилди. Элдин не бир трагедиялуу абалдарга капталганын, кыйындык менен кордуктун баарына тиштенип түткөнүн өз көзү менен көрдү. Кысталган шарттар кишилердин түпкү затын, жаман-жакшы сапатын, базар баасын тасырайта ачып таштаганын аларга аралаш жүрүп байкады. Ошондо ал нака турмуштун ачуутаттуу таасирлерин кан-жанына сиңирип, түркүн тагдырлар менен окуялардын элестерин көңүлүнө жат кылып, келечектеги адабий чыгармачылыгы үчүн өзүнчө бир гүлазык жыйнай берген эле. Бирок, а кезде антип жүргөнүн өзү аңдап билген эмес;

Алтынчыдан, төбөлдүк-буйрукчул (административдик – командалык) идеология өкүм сүрүп турганда Ч. Айтматов чыгармачылык жолго түштү. 1952-1991-жылдар аралыгында Төрөкул уулу Чыңгыз өзүнүн коомдук жана адабий кызматында идея жагынан баатырдыкты, сүрөткердик жагынан коркуусуздукту зарыл сактык, алды-артын акмалап аракет кылуу менен жакшы айкалыштыра билди. Маселен, ал бир катар публицистикалык макалаларында, ошондой эле айрым бир расмий жыйындарда сүйлөгөн сөздөрүндө өкмөттүк позицияда кыйшайбай турган, учурдун идеологиялык талаптарынан бир карыш тайбаган, утурумдук саясаттын тууралыгынан эч шек санабаган партия солдаты сыпатында көрүнүп жүрдү; советтик

көркөм маданияттын кендирин кесип келген бийлик ээлеринин казабына калбас үчүн алардын табитине ылайыктап "Эрте келген турналар", "Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт" деген өңдүү социалисттик реализм духундагы баяндарын жазды, бирок боор этинен сууруп алган чыгармаларында ("Ак кеме", "Кылым карытар бир күн", "Кыямат") өзгөчө баатыр ойлонгон сүрөткер, нукура демократия менен жаңыча гуманизмдин жарчысы, прогрессчил идеялар менен көз караштардын тарапкери катары кала берди.




Жетинчиден, коммунисттик партиянын XX съезди, анын идеялары Чыңгыздын жаңыдан ойгонгон ойломуна жакшы таасирин тийгизди. Анткени, анын көп нерсеге көзү ачылды, ээн-эркин ойлоо жөндөмү бат калыпка салынды, турмушка сынчыл көз карашы иштелип чыкты. Акыл-эси, сезим-туюму, кыялы укмуштай интенсивдүү иштей баштады. Айтылуу партиялык жыйындардын кудуретинен совет адабиятында толкуп-ташып оргуштаган күчтүү шар менен кошо Чыңгыз Айтматов да бийик атылып чыгып, тез арада жалпы өлкөбүзгө аттын кашкасындай таанымал болду, дүйнөлүк атакка маарыды, гүлгүн жаш курагында сыймык менен сыйлыкка тунду. Мактоо, наам, шооратттар анын демине дем, кубатына кубат кошту, чыгармачылык ташынын тик өйдө ала салып тоголонушун шарттады.

Арийне, адам баласы көпчүлүк учурда "ийгиликтен баш айлануу" ылаңына алдырып коер эле, бирок биздин каарманыбыз мактоо нашаасына магдырап калбастан кызылдай мээнетке башы байланып, дыйканчасынан кажынып иштеди.

Сегизинчиден, албетте Чыңгыз Айтматовдун төгөрөктүн төрт бурчун чарк уруп жүргөнү, башка элжурттардын жашоо ыңгайын көп жолу көргөнү, адамзаттын чыгаан акылмандары менен баарлашканы да анын рухий жактан өсүп турушуна аралжы болду.

Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы улуттук адабият үчүн эле эмес улуттук искусствонун башка түрлөрүнүн өнүгүүсүнө да өзүнүн зор таасирин тийгизди. Анын чыгармаларынын негизинде музыкада чакан обондуу ырдан тартып симфонияга чейин жазылды, көркөм сүрөт искусствосунда ондогон, жүздөгөн эмгектер жаралды, театралдык спектаклдер, кинофильмдер коюлду.

ЮНЕСКОнун билдирүүсү боюнча Ч.Айтматов бүгүнкү күндө чыгармалары көп басылган классик-

тердин бири. Анын чыгармалары дүйнөнүн 165 тилине которулуп, бир нече ирет чоң тираж менен (1998-ж. жалпы саны 67,5 млн. экз.) кайталап басылган.

Улуу жазуучу Чыңгыз Төрөкулович Айтматов 2008-жылдын 10-июнунда 80 жаш курагында катуу оорудан кийин о дүйнө салды.

Сөзүмдү жыйынтыктап жатып бардыгыңыздарды Чыңгыздын китептерин окуганга чакырамын, не дегенде кайра-кайра окуган сайын биз байкабай калган жаңы-жаңы кырлары чыга берет.

**Адабияттар:**

1 Айтматов Ч.Т. Статьи, выступление, диалоги, интервью. - М., 1988.
2 Акматалиев А. Айтматовдук энциклопедия. - Бишкек, 1993.
3 Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. - Фрунзе, 1991.
4 Ибраимов О. Чингиз Айтматов. Жизнь замечательных людей. - М., 2018.
5 Сыдыкова К. Кыргыз тарыхы. - Бишкек, 2003.
6 https://www.azattyk.org/a/Kyrgyzstan_Aitmatov_Culture/2097581.html

**Рецензент: к.и.н., доцент Сатарбаев А.М.**